DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Токторов Э.С., Бердимуратов Ч.М., Токторова А.Э.*

# КОНСТИТУЦИЯ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН ПАЙДУБАЛЫНЫН НЕГИЗИ КАТАРЫ

*Токторов Э.С., Бердимуратов Ч.М., Токторова А.Э.*

# КОНСТИТУЦИЯ КАК ОСНОВА НЕЗАВИСИМОСТИ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

*E.S. Toktorov, Ch.M. Berdimuratov, A.E. Toktorova*

# THE CONSTITUTION AS THE BASIS OF INDEPENDENCE STATEHOOD

*УДК: 34.342*

*Макалада эгемендүү жана көз карандысыз кыргыз мамлекетинин, улуттук мамлекет эгедери кыргыз элинин өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталышын жар салган Баш мыйзам тууралуу баяндалат. Улуттук мамлекеттин, көз каранды эмес жаңы өлкөнүн жаңы Конституциясынын кабыл алынуусу зор саясий, укуктук жана тарыхый окуя болгону талашсыз. Өлкөбүздө классикалык Конституциянын пайда болуусу, калыптануусу, өнүгүүсү Кеңеш дооруна туура келет. Кыргыз эли 1918-1929 жылдар аралыгында Түрк. АССРинин, РСФСРдин, СССРдин Конституцияларынын алкагында жашап келген, бирок өзүнүн Коснтитуциясы болгон эмес. 1927-жылы кыргыз эли автономиялуу облустан республика болуп кайра түзүлүп, советтик улуттук автономиялык союздук мамлекеттик түзлүшкө ээ болуп, Кыргыз АССРи катары түзүлгөн. Дал ошол мезгилде, тагыраагы 1926-1929-жж. Кыргыз АССРинин Баш мыйзамынын долбоорун жазуу боюнча атайын конституциялык комиссия түзүлүп, нече долбоор сунуш кылынып, акыркы долбоордун негизинде 1929-жылы биринчи Баш мыйзамыбыз - Конститутциябыз кабыл алынган. Андан кийинки республикабыздын Конституциясы 1937-жылы, 1978-жылы кабыл алынып, республиканын андан аркы саясий, социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошкону талашсыз. СССР кыйрап, улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүк парадынан кийин, пайда болгон Кыргыз Республикасынын алгачкы Баш мыйзамынын долбоорун иштеп чыгып, жаңы өлкөнүн жаңы Конституциясын кабыл алуу, анын негизинде мамлекеттин жалпы өнүгүүсүн камсыз кылуу мезгил талабы эле. 1993-жылы кабыл алынган Конституция эл аралык аренага жаңы мамлекет - Кыргыз Республикасы пайда болгонун жарыя кылды. Жаңы Конституция бизге жаңы саясий, мамлекеттик түзүлүштү, бийлик бутактарынын бөлүнүшүн, көп партиялуулук системаны алып келди. Бирок, тез эле Баш мыйзамды реформалоо башталды. 1993-жылдан баштап 2021-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасы 10 жолу конституциялык реформалар өзгөрүүлөр турмушка ашырылган. Макалада Конституция көз карандысыз мамлекеттүүлүктүн пайдубалынын негизи катары каралып, Кыргызстандагы конституциялык реформаларга сересеп салынды.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук мамлекет, Баш мыйзам, кабыл алуу, конституциялык өнүгүү, өзгөртүү, толуктоо, негизи, реформалоо.*

*В статье предпринята попытка рассказать о новом этапе развития государственности кыргызского народа, в условиях суверенитета, о новой Коснтитуции страны, заложившее начало суверенного и независимого госудасвто кыргызского народа. Отмечено, что принятие новой Конституции страны знаменует начало нового этапа развития государственности нашего народа. Появление классической Конституции в нашей республике, относится к началу советской эпохи. Известно, что в 1918-1929 гг. кыргызский народ жил под Конституцией Туркестанской АССР, РСФСР, СССР, однако своей Конституции не было. Приобретенная автономная область, ее преобразования в Кыргызскую АССР дала возможность, создать первую конституционную комиссию, которая в 1926-1929 гг. выработали и предложили несколько вариантов проекта Конституции. Последний вариант был принят в 1929 г., что явилось большим политическим, правовым и историческим событием, в жизни кыргызского народа и одноименной республики. В дальнейшем были приняты новые Констиуции Кыргызской ССР в 1937 и 1978 гг., что создало необходимые условия для дальнейшего развития республики. С парадом суверенитетов, появились новые государственные обьединения. Кыргызстан, кыргызский народ в первые годы суверенитета и независимости, столкнулся с острой необходимостью разработки и принятие новой Конституции независимой страны. Была создана конституционная комиссия, которая разработала проект новой Конституции. Она была принята в 1993 г., и ознаменовала собой огромные перемены в политической, общественной, социально-экономической и культурной жизни страны. Впервые была введена новая система государтственного устройства, разделение ветвей власти, многопартийная система и др. Конституция явилась основой независимого государства кыргызов. Однако, вскоре с 1996 года начались конституционные реформы. Всего за 1993-2020 гг. Конституция была вновь принято, дополнено, изменено и реформировано всего 10*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*раз. Таким образом, в статье предпринята попытка рассмотреть Коснтитуцию как основы независимого государства.*

***Ключевые слова:*** *национальное государство, Конституция, принятие, конституционное развитие, изменение, дополнение, основа, реформа.*

*The article attempts to tell about a new stage in the development of the statehood of the Kyrgyz people, in conditions of sovereignty, about the new Constitution of the country, which laid the foundation for a sovereign and independent state of the Kyrgyz people. It was noted that the adoption of the new Constitution of the country marks the beginning of a new stage in the development of the statehood of our people. The appearance of the classical Constitution in our republic dates back to the beginning of the Soviet era. It is known that in 1918-1929. the Kyrgyz people lived under the Constitution of the Turk. ASSR, RSFSR, USSR, but there was no Constitution of its own. The acquired autonomous region, its transformation into Kyrg. The ASSR made it possible to create the first constitutional commission, which in 1926-1929. developed and proposed several versions of the project of the Constitution. The last option was adopted in 1929, which was a great political, legal and historical event in the life of the Kyrgyz people and the republic of the same name. In the future, new Constitutions of the Kyrgyz Republic were adopted. SSR in 1937 and 1978, which created the necessary conditions for the further development of the republic. With the parade of sovereignties, new state associations emerged. Kyrgyzstan, the Kyrgyz people in the early years of sovereignty and independence, faced an urgent need to develop and adopt a new Constitution of an independent country. A constitutional commission was created, which developed a draft of a new Constitution. It was adopted in 1993, and marked a huge change in the political, public, socio-economic and cultural life of the country. For the first time, a new system of state structure was introduced, the separation of branches of power, a multi-party system, etc. The Constitution was the basis of an independent state of the Kyrgyz. However, soon after 1996, constitutional reforms began. Total for 1993-2020 The Constitution was re-adopted, supplemented, amended and reformed only 10 times. Thus, the article makes an attempt to consider the Constitution as the basis of an independent state.*

***Key words:*** *national state, Constitution, adoption, constitutional development, change, addition, basis, reform.*

Кыргыз элибиздин мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталып, 1991-жылы 31-августта көз карандысыз, өз алдынчалыгы жарыяланып, эгемендүү мамлекеттин жаңы Конституциясынын кабыл алынуусу менен укуктук, демократиялуу, өз алдынча Кыргыз Республикасы болуп бүт дүйнөгө таанылып, көз каранды эмес өлкөнүн Конституциясын кабыл алууга шарт түзүлдү.

Ал эми Кыргыз элибизге Конституция түшүнүгүнүн пайда болуусу Орус бийлигинин учурунда калыптанган деп белгилесек туура болот, анткени бул боюнча окумуштуу Б.К. Абытов өзүнүн эмгегинде, “Кыргыз эли, анын мамлекети көптөгөн кылымдарды басып өткөн узак, бай тарыхха ээ болсо да, Кеңеш дооруна чейин классикалык үлгүдөгү Конституцияны пайдаланган эмес» [1] деп белгилеген.

Демек, өлкөбүзгө Конституциянын түшүнүгүнүн жана түзүлүшүнүн калыптануусу Кеңеш доорунда башталган. Кыргыз эли РСФСРдин курамындагы Түркстан АССРнин учурунда Конституция эмне экендигин, анын пайдалануу жолдорун түшүнө баштаганыбызды тарыхыбыз тастыктап турат.

Ошентип, Кыргызстандын аймагында Түркстан АССРнин, РСФСРдин жана СССРдин Конституциялары жүзөгө ашырылып, өлкөбүз Кеңеш доорунун башында ар кандай Конституциялардын алкагында жашап келген. Тагыраак айтканда өлкөбүз өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгонго чейин 1918-1929-жылдар аралыгында.

Ал эми 1924-жылы Кара-Кыргыз автономдуу област болуп түзүлгөн мезгилден баштап, өлкөбүздүн мамлекет болуп түзүлүшүнө жол ачылган. Окумуштуу К.Нурбеков мындай деп белгилеген, “1924-жылы кыргыз эли автономиялуу облус болуп, советтик улуттук мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгон" [2].

Көп убакыт өтпөстөн (тагыраагы бир жылдан ашыгыраак) Кыргыз автономиялуу област болуп кайра түзүлүп, 1926-жылдары автономиялуу област Кыргыз АССРне өзгөртүлүп, алгачкы баш мыйзамыбыздын долбоорун жазуу боюнча атайын комиссия түзүлүп, ошол эле жылы Конституциянын долбоору каралып Президиумда жактырылган.

Окумуштуулар С. Сооданбековдун, М.К. Укушевдин белгилөөсү боюнча, “1929-жылыдын 25-апрелинде Бүткүл Кыргызстандык экинчи курултайынын кароосуна сунуш кылынган. Курултайдын негизги маселеси КАССРнин Конституциясын талкуулоо жана кабыл алуу болгон” [3].

Ошентип Кыргызстаныбыздын биринчи Конституциясы 1929-жылы 30-апрелде акыркы редакциясы Бүткүл Кыргызстандык экинчи курултайында каралып бекитилген Конституциябыз жети бөлүм, он алты глава жана токсон жети беренеден турган. Бул Конституция Кыргыз мамлекеттибиздин патриархалдык-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



феодалдык түзүлүштөн капитализмди аттап социализмге өтүү мезгили болгон.

Андан кийин өлкөбүздө бир канча Конституттциялар кабыл алынды, тактап айтканда 1937-жылдагы Кыргыз ССРнин Конституциясы, бул боюнча, Р.Тургунбеков мындай деп белгиленген, "1936-жылы 5-декабрда СССРдин жаңы Конституциясы кабыл алынуусу менен ошол эле жылы 30-июнда Кыргыз АССРнин БАКы тарабынан Конституциялык комиссия жаңы Конституциясынын долбоорун СССРдин Конституциясынын долбоорун жетекчиликке алып, Кыргыз ССРнин Конституциясынын долбоорун даярдаган" [4].

1937-жылдын 11-мартында Конституциянын долбоору Президиумда каралып, жактырылгандан кийин ошол эле жылы 23-мартта кабыл алынган Конституция он бир бөлүмдөн, бир жүз он сегиз беренеден турган. Бул союздук республика түрүндөгү кыргыз мамлекеттибиздин социализмди бекемдеп, куруп бүтүү мезгилиндеги конституциясы болуп, анда КССРдеги мамлекеттик жогорку бийлик органдар, мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү башкаруу, сот жана прокуратура органдары, жарандардын укуктары, милдеттери, казна жана ошондой эле герб, туу, борбор жөнүндө каралган.

Ал эми 1977-жылдары СССРдин жаңы Конституциясы Жогорку Советтин кезектеги жетинчи сессиясында кабыл алынуусу менен өлкөбүздүн кийинки Конститутциясы кабыл алынды, мында юрист окумуштуу Н.Т. Шерипов "СССРдин 1977-жылкы Конституциясы жана анын артынан союздук республикалардын 1978-жылдагы кабыл алынган Конституциялары СССРде өнүккөн социализимдин курулганын мыйзам түрүндө бекитишкен" [5] - деп белгилейт.

Ал эми "1978-жылдын 15-мартында КССРнин Жогорку Советинин Президиумда жаңы Конституциянын долбоору каралып, жактырылып, элдик талкууга кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жарым миллион нускада басма сөзгө жарыяланган". Ошол эле жылы 20-апрелде Кыргыз ССРнин жаңы Конституциясы кабыл алынган. Бул өлкөбүздүн өнүккөн социализмдин курулушун бекемдеген конституция болгон.

Демек, Кыргызстаныбыздын тарыхында бул жылдар өчпөс жана унутулгус из калтырып, көз карандысыз өлкөбүздүн баш мыйзамынын кабыл алынуусуна анын негизинде өз алдынча мамлекеттин пайдубалынын түптөлүүсүнө жол ачкан.

Ошентип, 1990-жылдын 15-декабрында Жогорку Советтин 12 чакырылышынын үчүнчү сессиясында КРдин мамлекеттик көз карандысыздык тууралуу декларация [6] кабыл алынып, 1991-жылы 31-августта эгемендүүлүккө ээ болуу менен бирге жаңы Конституциябыздын кабыл алынуусуна шарт түзүлдү. Бул боюнча А.А. Арабаев жана Р.Арабаевдер "Жаңы Конституциялык түзүлүштүн негиздерин түптөөдө 1990-жылдын 24-октябрында кабыл алынган Кыргыз ССРнин Президенттинин кызматын жана Кыргыз ССРнин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү Мыйзамынын ролу өтө чоң болгон" [7] деп белгилешкен.

Ошентип Мамлекетибиздин 1991-жылы Конституциялык реформасы 1990-жылы башталып, мында төмөнкүдөй өзгөрүүлөр мүнөздөлгөн:

- КРдин Президентинин кызмат орду бекитилип, тунгуч Президенттин шайлануусу.
- Мамлекеттин саясий жана экономикалык түзүлүшүнүн, мамлекеттик жана башка органдардын идеологиядан сырткары болуусунун жүзөгө ашырылуусу.
- Бийликтин бөлүнүү принцибинин таанылуусу жана 1993-жылы 5-майда КРдин Конституциясынын кабыл алынышы. Бул Конституциянын өзгөчөлүгүнө токтолбой кетбесек болбойт, анткени, мына ушул конституцияда мамлекетибиздин көз карандысыздыгы, адам жана жарандардын укуктары, эркиндиктери так көрсөтүлүп, ал негизги баалуулук деп эсептелип, мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциптери белгиленип, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнгөн. Конститутция преамбуладан, 97 беренеден жана сегиз бөлүмдөн турган.

Окумуштуулар С.Сооданбеков, М.К. Укушев "КРдин 1993-ж. Конституциясы, бир жагынан, кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүктү куруусунун бүткүл конституциялык тажрыйбасын жалпылаcа, экинчи жактан, ал тажрыйбаны мамлекеттик түзүлүштүн жаңы милдеттеринин талаптарына жооп берчү жаңы мазмун менен байытты" [3] деп белгилешкен.

Конституциянын кабыл алынуусунда ошоло кезде иштеп турган "Легендарлуу парламенттин" салымы чоң болгондугун белгилеп кетүү милдетибиз болуп саналат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1996-жылдын 10-февралында референдумга коюлган “Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү” жөнүндөгү мыйзамынын долбоору-1994-жылдын октябрында эл тарабынан киргизилген:

• Эки палаталуу парламенттин ыйгарым укуктарын айырмалап чектөөгө.

• Бийликтин үч бутагынын жана Президенттин мамилелерин тактоого багытталган.

1994-жылы 22-октябрындагы референдумдун натыйжасынын негизинде азыркы Республикабыздын саясий-укуктук тарыхында алгачкы жолу төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болду:

• Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны 35 депутаттан жана эл өкүлдөр жыйыны 70 депутаттан турган эки палаталуу парламент болуп түзүлдү.

Андан кийинки Өлкөбүздүн Конституциялык реформасы 1998-жылдын 17-октябрдагы референдумдун натыйжасында, конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди, мамлекет башчысынын Указы менен Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилип, анда:

• Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан жана эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан болуусу бекитилген.

• Депутаттык кол тийбестик институту киргизилген.

• Республикалык казына тууралуу ченемдерге да өзгөрүүлөр киргизилген, конституциялык түрдө менчиктин формаларынын акыркы тизмеси аныкталган.

КРдин Президенттинин 2003-жылы 13-январындагы КРдин референдум өткөрүү жөнүндөгү Указы менен башталып, ошол эле жылдын 18-февралында “КРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” мыйзамы 2003-жылдын 2-февралындагы референдумда кабыл алынган.

Арадан үч жылдан кийин тактап айтканда, 2006-жылдын 9-ноябрында Республикабыздын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам, Жогорку Кеңеш тарабынан ошол эле жылдын 15-январында кабыл алынган 2007-жылдын 15-январындагы №2 КРдин Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө мыйзамы (2007-жылы Конституциялык соттун чечими менен күчүн жоготкон), кыска мөөнөттө мурда күчүнөн кайткан эки мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу менен мүнөздөлгөн [8].

Бул баш мыйзамыбыздын реформасы мамлекетте бийлик алмашуу жана төнкөрүштөн кийин жүргүзүлгөн. Конституциянын жаңы редакциясын кабыл алуу менен Конституцияга өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизүүнүн мөөнөтү жакын болгон.

Ошентип, 2007-жылы 21-октябрда рефендумда ошол эле жылдын 23-октябрында кабыл алынган “КРдин Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө” мыйзамын кабыл алуу менен конституциялык реформанын улануусу мүнөздөлүп, Бул конституциянын жаңы редакциясынын алкагында, белгилей кетүүчү өзгөрүүлөрдүн бири Президенттин ыйгарым укуктары Премьер-министрге, Жогорку Кеңеши Өкмөттүн түзүлүшүн киргизүүгө макулдук берүү укугу менен толукталган.

Өлкөбүздүн тарыхында тарыхый, саясий жана укуктук бурулуштардын бири болгон жаңы баш мыйзамыбыз 2010-жылдын 27-июнундагы референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жолу менен кабыл алынган конституциясынын жана анын өзгөчө белгилерин окумуштуулар А.Арабаев, Р.Арабаев “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мамлекеттин жана коомдун Негизги мыйзамы катары өзүнө мүнөздүү болгон, өзгөчө белгилер бар. Алар Конституциянын, биринчиден, негиз салуучу, экинчиден, элдик, үчүнчүдөн, негиздөөчү мүнөзгө ээ экендигин туюндурушат” [7] - деп белгилешкен. КРдин бул жаңы Конституциясын кабыл алынуусу мамлекеттибизде парламенттик башкаруу таризинин кирүүсү жана өнүгүүсүнө өбөлгө болгон.

Андан кийин бул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча, мамлекет башчысы, тактап айтканда 2016-жылдын 28-декабрда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамына кол коюп, ошол эле жылдын 11-декабрындагы референдум КРдин мыйзамына ылайык дайындалып өткөрүлгөн.

Б.К. Абытов, Т.Акбарали кызынын көз караштары боюнча, “2010-жылдагы Конституциянын текстинин түп нускасындагы жаңылыштык менен казустук талаш-тартыштан сактануу үчүн ошол кадамга барышкан. Ошол учурдан баштап ушул күнгө чейин эгемендүү жана көз карандысыз жылдар аралыгында Конституциянын акыркы, сегинчи редакциясынын алкагында жашап жатабыз. Бул жеткиликтүү иштелип чыккан акыркы болушуна да эч ким кепилдик

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бере албайт. Анын акыры кандай болушун турмуш жана убакыт көрсөтөт" деп белгилешкен.

Бул Конституцияда 114-берененин 26-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген, белгилей кетүүчү өзгөчөлүктөрдүн бири Өкмөттүн ыйгарым укуктары бекемделген.

Ошентип, өлкөбүздүн тарыхында Конституциябызга жасалган реформалары узак жана татаал жолдорду басып өтүү.

Өлкөбүздүн баш мыйзамы, мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүнүн, адамдын жана жарандын укуктук абалынын негиздерин жөнгө салып туруучу мамлекеттин өзгөчө укуктук документи болуп эсептелет.

Демек, мамлекетибиздин Конституциялык өнүгүүсү тарыхыбыз менен ажырагыс байланышта болуп келүүдө, мамлекет жана коом өнүккөн учурда, Конституцияда өзгөрүүлөр, толуктоолор же жаңыдан кабыл алынууларды баары мамлекеттүүлүктүн ар тараптан өсүп өнүгүүсүнө коюлган кадамдар болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Абытов Б.К. Кыргызстандын Конституциялык өнүгүүсү тарыхый сересеп. - Ош, 2020.
2. Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР. - Фрунзе, 1970.
3. Сооданбеков С.С., Укушев М.К. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2001.
4. Тургунбеков Р. Создание Конституции Киргизской ССР. - Фрунзе, 1962.
5. Шерипов Н.Т. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2015.
6. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин ведомосттору - 1990, №21. - С. 318.
7. Арабаев А., Арабаев Р. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2014.
8. Бейшеналиев З.Ш., Ракимбаев Э.Н. Концептуальные основы оптимизации института президента и системы органов государственной власти в Кыргызской Республике. / Вестник КГЮА, №4. - 2013.